УДК: 001.89:314.314(575.2)

**Амердинова Магира Мунаждиновна,**
*философия илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия институтунун башкы илимий кызматкери*
**Аалиева Нурзат Карыбековна,**
*философия илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти;*
**Булекбаев Азизбек Мыктыбекович,**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Манас таануу жана дүйнөлүк адабияттар кафедрасынын ага окутуучусу*

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН ПАЙДА КЫЛГАН ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРГАН ТАБИГЫЙ ДЕТЕРМИНАНТТАР

**Амердинова Магира Мунаждиновна,**
*доктор философских наук, профессор, главный научный сотрудник Института философии им. А. Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики, Бишкек, Кыргызстан.*
**Аалиева Нурзат Карыбековна,**
*кандидат философских наук, доцент кафедры философии, теории и истории культуры Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына, Бишкек, Кыргызстан.*
**Булекбаев Азизбек Мыктыбекович,**
*Старший преподаватель кафедры Манасоведения и мировой литературы Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына Бишкек, Кыргызстан.*

## ПРИРОДНЫЕ ДЕТЕРМИНАНТЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ И СТАНОВЛЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ

**Amerdinova Magira Munazhdinovna,**
*Doctor of Philosophy, Professor, Chief Researcher, Institute of Philosophy named after A. Altmyshbaev, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic Bishkek, Kyrgyzstan*
**Aalieva Nurzat Karybekovna,**
*Candidate of Philosophical Sciences, docent at the Department of Philosophy, Theory and History of Culture Kyrgyz National University named after. Zh. Balasagyn, Bishkek, Kyrgyzstan*
**Bulekbaev Azizbek Myktybekovich,**
*Senior Lecturer at the Department of Manas Studies and World Literature, Kyrgyz National University. J. Balasagyna Bishkek, Kyrgyzstan.*

## NATURAL DETERMINANTS OF THE EMERGENCE AND FORMATION OF KYRGYZ STATEHOOD

**Аннотация.** Макалада авторлор кыргыздардын өзгөчөлүктөрүн жана мамлекеттүүлүктү терең түшүнүү үчүн алар жашаган аймактын өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолууну эп көрүшкөн. Мамлекеттин өзгөчөлүктөрүн географиялык мейкиндиктердин ландшафты жана климаттын өзгөчөлүктөрү менен тике байланыштырышкан окууларына таянуу менен алар жашаган аймактын өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолууну эп көрүшкөн. Географиялык детерминизм багытынын көз караштары позитивдүү да, негативдүү да жактарга ээ болуп, көбүнесе алар илимий адабиятта бир катар сындоолорго дуушарланганына карабастан, авторлор кыргыздар жашаган аймактын өзгөчөлүктөрүнө атайылап кеңири токтолушкан.

**Негизги сөздөр:** географиялык детерминизм; этногенез; пассионардык теория; эт-

никалык аймак; мамлекет; географиялык мейкиндиктердин ландшафты; климаттын өзгөчөлүктөрү.

**Аннотация.** В статье авторы подробно остановились на особенностях региона проживания кыргызов, чтобы глубже понять особенности кыргызов и их государственность. Опираясь на свои учения о том, что особенности государства напрямую связаны с особенностями ландшафта и климата географических пространств, они не могли не сосредоточиться на особенностях региона, в котором они жили. Несмотря на то, что взгляды направления географического детерминизма имеют как положительные, так и отрицательные стороны, в основном они подвергаются критике в научной литературе, авторы намеренно широко акцентировали внимание на особенностях территории проживания кыргызов.

**Ключевые слова:** географический детерминизм; этногенез; теория пассионарности; этническая территория; государство; ландшафт географических пространств; климатические особенности. географический детерминизм; этногенез; теория пассионарности; этническая территория; государство; ландшафт географических пространств; климатические особенности.

**Annotation:** In the article, the authors elaborated on the peculiarities of the Kyrgyz region of residence in order to better understand the peculiarities of the Kyrgyz and their statehood. Based on their teachings that the peculiarities of the state are directly related to the peculiarities of the landscape and climate of geographical spaces, they could not help but focus on the peculiarities of the region in which they lived. Despite the fact that the views of the geographical determinism trend have both positive and negative sides, they are mostly criticized in the scientific literature, the authors deliberately focused on the specifics of the Kyrgyz territory.

**Key words**: geographical determinism; ethnogenesis; theory of passionarity; ethnic territory; state; landscape of geographical spaces; climatic features.

Баарыбызга белгилүү болгондой, XVIII кылымда пайда болгон ***географиялык детерминизм багыты*** *мамлекеттин, адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн* алар отурукташкан *географиялык мейкиндиктердин ландшафты жана климатынын өзгөчөлүктөрү* менен тике байланыштырышкан [1. - С. 142]. Аталган багыттын көз караштары позитивдүү да, негативдүү да жактарга ээ болуп, көбүнесе алар илимий адабиятта бир катар сындоолорго дуушарланганына карабастан, *кыргыздардын өзгөчөлүктөрүн* терең түшүнүү үчүн алар жашаган ***аймактын (территориянын) өзгөчөлүктөрүнө*** атайылап кеңири токтолууну эп көрдүк.

Бир катар алгылыктуу жактарынын болушуна карабастан, *географиялык детерминизм окуусунун* табият менен инсандын ортосунда *жалгыз гана географиялык же климаттык байланыштар* бар деген пикирлери толук түрдө чындыкка коошо бербейт [1. - С. 142]. Анткени, жаратылыш менен инсандын ортосунда *көп сандаган байланыштар менен алакалар*, алардын ичинде *байланыштардын бүтүндөй бир комплексин* өз кучагына камтыган *этнос* турат, ал эми *адамдын курчап турган жаратылыш менен болгон байланышы* этносту калыптандырган *көп факторлордун бирөөсү* гана болуп саналат. Албетте, *чарбалык-экономикалык зор мааниге* ээ болгон *географиялык жана климаттык факторлор* айрым психологиялык өзгөчөлүктөргө, ири алдыда, *тигил же бул табигый ландшафты жактыруу же сүйүү сыяктуу субъективдүү артыкчылык көрүүгө* таасир бере алат. Жер которуулардын, көчүп-конуулардын, миграциялардын учурунда *жер тандоо* менен байланышкан тигил же бул *этностун өкүлдөрүндө өзү туулуп-өскөн жери менен болгон туруктуу алаканын* болушун *тарыхчылар да, географтар да* байкашкан. Мисалы, *Л. Н. Гумилев* мындай деп жазат: «*…жаратылыштын ролу* этнографиялык өзгөчөлүктөр менен элдер жашаган ареалдарда тике түрдө эмес, *чарба*, б.а. *экономикалык жашоо-тиричиликтин негизи* аркылуу көрүнөт. Жаратылыш адамдардын турмуш-тиричилине *аныктоочу таасир* бере албайт, ландшафт кандайдыр бир элдин кесиптик өнөрлөрүн аныктаган эмес. Көнүмүш иштер мүмкүн болбогон жерлерде бул элдин өкүлдөрү көчүп кетүүнү дурус көрүшкөн. Ошондуктан, токойдун жашоочулары жарым чөлдөрдү сейрек өздөштүрүшүп, дарыя өрөөндөрүн артык көрүшсө, талаачандар токой массивдерин

ээлеп алса да, жашоо-тиричилик үчүн ачык жерлерди жактырышкан» [2. - С. 147].

Адамдардын жүрүм-турумундагы, этникалык жалпылыктардын калыптанышы менен өнүгүшүндөгү *табигый, географиялык, биологиялык факторлорду* эске алган *альтернативдүү окуу* болуп ***«этногенездин пассионардык теориясы»*** эсептелет. Бул теориянын негиздөөчүсү *Л. Н. Гумилев* «формациялар аркылуу жүргөн *коомдук-экономикалык өнүгүү* ... географиялык чөйрөдө жүргөн ... *этногенезге* тең маанилеш эмес» [2. - С. 222], - деп белгилеген. Анын пикиринде, *этнос*, ири алдыда, *табигый феномен* болуп саналгандыктан, *аны изилдөөнүн негизинде* да *табият таануу философиясы* жатууга тийиш. Этнос *Homo sapiens* деп аталган *биологиялык түрдүн* өз ландшафтынын *биоценозундагы ыңгайланышуусун (адаптациясын)* туюндурат. *Мындай адаптация*, биринчи кезекте, *жүрүм-турумдан* ачык байкалат. Этнос үчүн анын *тили, теги, маданияты, дини, идеологиясы, экономикалык байланыштары* аны *этникалык жалпылык* катары аныктаган *маанилүү фактор* болуп саналышы да мүмкүн, саналбашы да мүмкүн. *Этникалык өзгөчөлөнүүнүн негизги принциби* болуп этностун *географиялык чөйрөгө ыңгайланышуу ыкмаларынын бири* катары каралган *жүрүм-турум стереотиби* эсептелет.

*Этностор* менен алардын татаалдашкан системасы болуп саналган *суперэтностор* узакка жашаган *этникалык жалпылыктар* болуп саналышат. Алар белгилүү бир *этноландшафттык зоналардын чегинде* жашашат. Мындай *зоналар кандайдыр бир ландшафттын жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү* менен *адамдардын* өз ара *алакалашуусунун, симбиозунун натыйжасында* пайда болот. Мисалы, *арабдардын суперэтносунун* башкы элементи болуп *чөлдүү ландшафттын шарттарындагы адам менен төөнүн симбиозун* атоого болот. *Орус суперэтносу* үчүн *уй жаныбары* жана *органикалык жер семирткич менен суу ташкынынан пайда болгон жайылма сугатка негизделген дыйканчылыктын симбиозу* мүнөздүү [Караңыз: 2. - С. 54-55]. Этнос өздөрүн башка коллективдерден айырмалаган адамдардын коллективи болуп саналгандыктан, *реалдуу этникалык бүтүндүк* өз кучагына *адамдарды, ландшафттын элементтерин, маданий каада-салттарды жана коңшулар менен болгон алакаларды* камтыйт.

*Айрым этностор* өзүнүн жашоо-тиричилигин эч өзгөртпөй, курчап турган элдер менен аралашпай, *айлана-чөйрөдөгү ландшафттар, жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсү, климат* сыяктуу *табигый биоценоздорго* өзүнүн ыңгайланышуу деңгээлин уламдан улам жакшыртуу аркылуу *жүздөгөн, миңдеген жылдар бою жашашат*.

*«Хань Шу» (Хань династиясынын тарыхы»)* деп аталган эмгекте байыркы кытай тарыхчысы *Бань Гу* (б.з. I кылымы) мындай деп жазат: «Хуннулардын шаньюнунун (өкүмдарынын – Щ. Д.) хан ордосу кыргыздардын чыгыш тарабында 7 миң ли (1 ли болжол менен 500 м ге барабар) алыстыкта жайгашкан» [Караңыз: 3. - С. 95]. Ушул маалыматка таянуу менен археолог, профессор *Ю. Худяков*, синолог *Л. А. Боровкова* жана учурдагы *кыргыз тарыхчылары* б.з.ч. I кылымдагы кыргыздардын байыркы мекени *Чыгыш Теңир-Тоонун (Тянь-Шандын)* чөлкөмү, же болбосо *Чыгыш Түркстанда* (азыркы Кытай Элдик Республикасынын *Синьцзян-Уйгур автономиялуу району*) жайгашкан *Манас, Кара-Шаар деп аталган калаалардан* түндүгүрөөк, о.э. *Боро-Хоро тоо кыркасынан* да түндүгүрөөк жайгашкан аймактарда болгон деп боолголошот [4. - С. 350].

Учурдагы кыргыз улутунун өкүлдөрү компакттуу жашаган заманбап Кыргыз Республикасы *Борбордук Азиянын ортоңку бөлүгүнөн* орун алып, негизинен *Теңир-Тоонун аймагында* жайгашкан. *Түндүк чети* түндүк кеңдиктин 43°16', *түштүгү* 39°14', *батыш чети* чыгыш узундуктун 69°15', *чыгышы* 80°18'сында жатат. Түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан *Казакстан*, чыгышынан жана түндүк-чыгышынан *Кытай*, түштүгүнөн жана түштүк-батышынан *Тажикстан*, батышынан *Өзбекстан* менен чектешет. Аймагы *батыштан чыгышка* 925 км ге, *түндүктөн түштүккө* карай 454 км ге созулат; *чек арасынын жалпы узундугу* - 4508 км [5. - С. 7].

Кыргызстан бийиктоолуу өлкө; негизинен *Теңир-Тоо системасынын* батыш бөлүгүн, о.э. *Памир-Алайдын* түндүк тармактарын ээлейт. *Жеринин бетин* кеңдик багытта бири-бирине жарыш созулуп жаткан *бийик кырка тоолор* жана аларды бөлүп турган *ойдуң, өрөөндөр* ээлейт. Республиканын аймагынын 94,2 %и деңиз деңгээлинен 1000 м ден бийик жатат. Деңиз деңгээлинен *орточо бийиктиги* 2750 м, *эң бийик* 7439 м (Жениш

чокусу, Какшаал тоо тизмегинде), *эң жапыз* жери 401 м (Лейлек районунун аймагында). Жалпысынан чыгыштан (4500-5000 м ден) батышты карай (3500-4000 м бийиктикке чейин) жапыздайт. *Климаты негизинен континенттик,* бийиктик алкактуулукка жараша өзгөрөт. Басымдуу бөлүгү *мелүүн, түштүгү субтропиктик алкактарда* жатат. Абанын жылдык *орточо температурасы* өрөөндөрдө 10-13°С ден бийик тоолордо - 7°... - 8°Сге чейин. *Эң ысык* жери Чүй өрөөнүнүн түндүк чет-жакасы, анда абанын температурасы 44°С ге чейин көтөрүлөт, *эң суук* жери Ак-Сай өрөөнү, - 54°С ге чейин суук болот. Жаан-чачын *эң мол жааган* жери - Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталы, жылына 1500-2000 ммге чейин, *эң аз жааган* жери Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш чети (Балыкчы) - 140-150 мм. Кыргызстандын аймагында өлчөмү 0,1 чарчы км ден ашкан 6516 *мөңгү* бар; алардын *жалпы аянты* 8047,8 км$^2$. *Ири мөңгүлөрү:* Түштүк Эңилчек (Кан-Теңири тоо тоомунда; узундугу 58,9 км$^2$, аянты 613,2 км$^2$), Түндүк Эңилчек (34,8 км$^2$; 202,9 км$^2$), Кайыңды (25,8 км, 107,5 км$^2$) ж.б. *Ири дарыялары*: Нарын, Кара-Дарыя, Сары-Жаз, Чаткал, Чүй ж.б. *Көлдөрү* негизинен тектоникалык кыймылдан, о.э. бөгөттөн пайда болгон; ирилери: Ысык-Көл (бетинин аянты 6236 км$^2$), Соң-Көл (270 км$^2$), Чатыр-Көл (153,5 км$^2$), Сары-Челек (4,9 км$^2$) ж.б. *Ландшафты* бийиктик зоналуулук боюнча өзгөрөт; жалпысынан *7 бийиктик зонага* бөлүнөт: *тоо этеги - түздүктүү чөл, түздүк-тоо этегиндеги жарым чөл, тоо этеги-жапыз тоолуу кургак талаа жана талаа, орто бийиктиктеги тоо-токой-шалбаалуу талаа, бийик тоолуу шалбаа жана шалбаалуу талаа, бийик тоолуу сырт, гляциалдык-нивалдык* [5].

Кыргыздар мекендеген Ала-Тоонун табиятынын сулуулугу менен Теңир-Тоонун жаратылышынын кооздугу Алтайга куулуп, сүрүлгөн кыргыз эли Манастын жетекчилиги менен өз журтуна кайтып келгенде мындайча сүрөттөлөт:

Жылгындуу Кең-Кол, Кең-Талас, Ж ы л - гындуу Кең-Кол, Кең-Талас,
Жаткан экен жайкалып,
Жери сонун ар кандай,
Жердеген адам тунбайбы,
Өзөнчөдөн бөлүнүп,
Жер сорусу турбайбы.
Аккан тунук булагы.
Өлкө түзүн караса,
Ай жаныбар кең Талас
Токою бар, талы бар,
Бейиштен артык сыягы [6].
Ал токойдун ичинде
Жан бүткөндүн баары бар…

*Адамдын табият менен болгон биримдиги* адам өзүн ошол табияттын бир бөлүгү катары таанып, табиятка өзүнө таандык сапаттарды ыйгаруу менен аны өз болмушунун, жашоо-тиричилигин ажырагыс бир бөлүгү катары кароосунда көрүнөт. Адам менен табияттын ортосундагы мындай ажырагыс биримдик *тилде* чагылат. Орус тилинде *«природа»* деген сөз *«род»* - *«тек»* деген уңгудан алынган. Орус баласы үчүн аталган сөз *адам жаратылыш менен тектеш, ага бир тууган («мать-природа»)* деген маанини туюнтат. Европалык башка тилдерде жаратылыш менен табиятты белгилөө үчүн колдонулган *«натура»* түшүнүгү да *төрөлүү, туулуу, келип чыгуу* деген мааниге ээ. Адам эч качан жаратылыштан бөлөк, аны менен байланышсыз жашай албагандыктан, *жаратылыш* адам үчүн *энеден да ыйык, бийик* болуп саналат. Мындай түшүнүмдөр адамдын жаратылышка карата өзгөчө мамиледе болуусун шарттайт. *"Ата Журт туулган жерден башталат"* деген элдик макал кыргыздардын *жаратылышты мекенге теңөөсүн, ага тең маанилештиргенин* айгинелейт. Ошентип, советтик белгилүү акын *М. Матусовскийдин "С чего начинается Родина?" («Мекен эмнеден башталат»?)* деген суроосуна кыргыздар *«Мекен туулуп-өскөн жерден башталат»* деп илгери эле жооп берип коюшкан. «Туулган жердин», «өскөн жердин» *баалуулугу, кымбаттыгы, асылдыгы* кыргыздардын *"Ата Журтуң - алтын бешигиң", "Туулган жердин топурагы алтын", "Билеселүү жигитке, өсүп-өнгөн эл кымбат, ардактаган жанынан, асыл мекен жер кымбат"* [7. – 24-б.]. деген макалдарында чагылдырылган. Орус окумуштуусу *П. Н. Берков* өз убагында *Талас жеринин* «Манас» эпосунда кандай көркөмдөлүп, сүрөттөлгөнү тууралуу минтип жазат: «Манаста» бир тууган өлкөнү сүрөттөп берүү, кыргыздын мекенин даңазалоо дүйнөдөгү эң улуу адабияттардын үлгүсү менен катар турууга татыктуу» [8].

Мамлекеттин калыптануусундагы жаратылыштын ролу тууралуу маселени көтөрүп чыгуу менен *Г. Н. Волков* мындай деп жазат: «Орус кайыңынын поэзиялык «педагогизациясын» эч нерсе менен салыштырып болбойт. Кайың – мекендин символу. Мекенди сүйүү эшик алдындагы кайыңдан жасалган баскычтуу аянттан (крыльцо) башталат. Кайың ырда жаңырат. Кайың балта, соко,

мала, шыпыргы катары иште колдонулат… Кайың – бул идиш-аяк да, бут кийим да…» [9]. Көнүмүш жагдай менен көнүмүш ишмердүүлүктө табигый шарттардын жалпы жыйындысынын инсанга тийгизген таасири ушунчалык күчтүү болгондуктан, мындай табигый алаканын жоктугу *адамды мекенин сагынып, куса болуп, сар-санаага бөлөп, дартка чалдыктырышы* мүмкүн. *Этникалык аймактын (территориянын) ландшафты* анда отурукташкан адамдардын аң-сезиминде *«туулган жер», «өскөн жер», «ата-бабанын арбагы жаткан жер», «топурагы алтын ыйык жер»* түрүндө чагылат. Ошол себептен, аймактык (территориялык) жалпылык фактору өзүнөн өзү эле *этносту консолидациялоого жөндөмү менен дарамети күчтүү фактор* болуп саналат.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**


1. *Монтескье Ш. Л.* Избранные произведения. – М., 2021. – С. 412.
2. *Гердер И. Т.* Идеи к философии истории человечества. – М., 2017. – С. 142.
3. *Гумилев Л. Н.* Открытие Хазарии (историко-географический этюд). – М., 1966. – С. 147.
4. *Осмонов О. Дж.* История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). Учебник для высших учебных заведений. – Бишкек, 2005. – С. 95.
5. *Бичурин Н. Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. I. - М.-Л., 1950. – С. 350-351.
6. *Бараталиев Ө.* Жалпы маалымат // Кыргызстан географиясы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004. – С. 7.
7. *Каралаев С.* Манас. Кол жазмалар фондусу. 537-инв. 465-467-беттер.
8. *Таджиева Г., Курманбекова А.* Семена, посеянные мудростью. - Бишкек, 1998. - С. 24, 28.
9. *Берков П. Н.* Идея родины в "Манасе" // "Манас" - героический эпос киргизского народа. – М., 1961. - С. 195.
10. *Волков Г. Н.* Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974. – С. 182.